| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br>**ДАРКАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ДАРКАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**XXVIII чакырылышынын кезектеги № 11 - сессиясынын**

**2022-жылдын 13-апрели, № 46** **Даркан айылы**

# Т О К Т О М У
## Келишимдерди бекитүү жөнүндө

Билим берүү кызматкерлеринин мыйзамдык укуктарын, социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын коргоо жана мектептин, бала бакчанын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында түзүлгөн келишимдер менен таанышып, талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Билим берүү кызматкерлеринин мыйзамдык укуктарын, социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын коргоо жана мектептин, бала бакчанын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында К.Саалиев, А. Сатылганов атындагы орто мектептеринин жана "Сезим" бала бакчасынын баштапкы профсоюз уюмдарынын, мектеп жана бала бакча администрациясынын жана Даркан айыл өкмөтүнүн ортосундагы 2022-2024-жылдар үчүн түзүлгөн үч тараптуу келишимдери бекитилсин.

2. Түзүлгөн келишимдердин негизинде иш жүргүзүү мекеме жетекчилери Г.Кокоевага, К.Самаковага , Г.Туйбаевага жана айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жусуповго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы социалдык жана укуктук маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Иязалиевге милдеттендирилсин.

**Төрагасы** **Б.Муканбетов**